Оатк. К **Кубаныч сатаев – Жоокер ыры**

с. Жылдызбек Турсунбаев
о. Кубаныч Сатаев

Биз жоокербиз, колго курал кармаган,
Өмүр менен өлүмдүн чордонунда кайнаган.
Намысынан танбаган.

Согуш бузат түн уйкусун эненин,
Ачуу жашын агызып,
Уулун кайрып бербеген,
Жалбарганын сезбеген.

**КАЙЫРМА:**
***Ала-Тоону сагынып, алга согуп жүрөгүм,***
***Аман болсом туулган жер, кайтып сени көрөөрмүн.***
***Атың улук – туулган жер.***

Жоого аттанып жеңиш үчүн душманды,
Амандыгын тилеген, эне сүтүн актайлы.
Эл намысын сатпайлы.

Бүркүт учуп, аскасында шаңшыган,
Көздөн учуп мекеним, тоолор менен курчалган,
Түндүгүнөн нур тамган.

**КАЙЫРМА:**
***Ала-Тоону сагынып, алга согуп жүрөгүм,***
***Аман болсом туулган жер, кайтып сени көрөөрмүн.***
***Атың улук – туулган жер.***

Кан майданда кансырасам канча ирет,
Туулган жерди эстесем,тулку бойго жан кирет.
Үмүт туусу желбиреп.

**КАЙЫРМА:**